**«БЕКИТЕМИН»**
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, ф.м.и.д., профессор
К.Г.Кожобеков
« __ » 12 20 21 -жыл.

**Илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

1. **Ишке ашыруучунун автору:** Кадырова Тойжан Рыскуловна, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз —Өзбек эл аралык университетинин табигый-педагогикалык жана маалыматтык технологиялар факультетинин, математика, физика жана окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу

2. **Илимий-изилдөө ишинин аталышы:** «Келечектеги физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын оркүндөтүүнүн методикасы»

3. **Илимий иштин кыскача аннотациясы:** Жогорку окуу жайларда физиканы окутуу процессин өркүндөтүү багытында студенттердин мотивациялык окуу-тануу ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселеси ар түрдүү аспектилерде изилдөө актуалдуу маселе болуп эсептелет. Ушундай иштердин негизги бөлүгү катары физика адистигинин студенттери менен жүргүзүлгөн ангемелешүүлөр, жазуу жүзүндөгү текшерүү иштеринин жыйынтыктары жана өз алдынча ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын алууга болот. Өзгөчө, молекулярдык физика бөлүмүнүн таанып-билүүчүлүк максатын, илимий мазмунун, практикалык маанисин жана компетенцияларын, билгичтиктерин калыптандырууга, креативдик жана чыгармачылык жондөмдүүлүктөрүн остүрүүгө өзгөчө таасир тийгизет. Ошондуктан келечектеги физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын өркүндөтүүнүн методикасынын максаты менен милдеттерин аныктоо, практикалык маселелерин талдоо, болочок мугалимдерге физикалык билим берүү жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы көйгөйлүү маселе болуп эсептелет.

4. **Ишке ашыруунун таасири:** Изденүүчү Т.Р.Кадырова тарабынан 2016-2021-жылдары Ош мамлекеттик университетинин физика-техника факультетинин физика-математикалык билим берүү багытынын «физика» профилинин кенже курстагы студенттерине молекулалык физика бөлүмүн окутуу боюнча педагогикалык эксперимент өткорүлүп, төмөнкүдөй натыйжалар алынганын тастыктайбыз.

1. 2016-2017-окуу жылдары аталган окуу жайда окуган физика профилинин студенттерине молекулалык физика бөлүмүн окутуунун зарылдыгы жана окутуунун учурдагы абалын аныктоо боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү.

2. 2018-2019-окуу жылдары 1-курстун экинчи семестринде молекулалык физика дисциплинасын окутуудагы ишмердүүлүктү калыптандыруунун мотивациялык методикасын өркүндөтүлгөн мазмуну сунушталды. Келечектеги физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүндөгү мотивациясын өркүндөтүүгө таасир тийгизүүчү педагогикалык шарттарды, өбөлгөлөрдү жана каражаттарды аныктоо ишке ашырылды. Ошондой А.В.Усова тарабынан иштелип чыккан элементтик жана операциялык анализ усулу аркылуу анкетирлөө жүзөгө ашырылды. Физика мугалимдерин даярдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуу проблемасы азыркы күнгө чейин толук бойдон чечиле элек жана өркүндөтүүнү талап кылат.

3. 2019-2021-окуу жылдары уюштурулган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары окутуунун мотивациясын өркүндөтүүнүн методикалык сунуштардын эффективдүүлүгүн көрсөттү. Натыйжада келечектеги физика мугалимдеринин молекулалык физика боюнча билим сапаты өстү.

5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Ош мамлекеттик университети, физика-техника факультети.

6. **Ишке ашыруунун формасы:** Студенттердин мотивациялык методдорун өнүктүрүү боюнча окуу-эксперименталдык иштин модели иштелип, окуу программаларынын, сабактардын (предметтердин) темаларын тандоо, окуу планына ылайык окутууну уюштурууну пландоо ж.б. аткарылды. Ошондой эле атайын элементтик жана операциялык анализ усулу аркылуу окуу-таануу ишмердүүлүгүндөгү мотивациясын өркүндөтүүнү изилдөө максатында «Инсандын чыгармачылык потенциялын изилдөөчү ыкма» аркылуу студенттерди тестирлөөдөн жана анкетирлөөдөн өткөрдү. Ал эми кээ бир татаал материалдарды өзгөртүү боюнча сунуштар Т.Р.Кадыровага берилди.

Жыйынтыгында өркүндөтүлгөн мазмундагы педагогикалык эксперименттин физика адистигиндеги студенттерден өткөндүгүн жана аны ЖОЖдордо колдонууга сунуштаймын.

ОшМУнун физика-техника факультетинин
усулдук кеңешинин төрайымы: А.Эгемназарова